**Буйрук №1219 12.10.2023 ж.**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 20-сентябрындагы № 491 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомун ишке ашыруу тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 20-сентябрындагы № 491 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомун натыйжалуу ишке ашыруу максатында, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 3, 96 жана 98-беренелерине ылайык **буйрук кылам:**

1. 2023-жылга Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин (мындан ары – ММК полиси) наркы төмөнкүдөй бекитилсин:

1) колдонуу мөөнөтү 12 календарлык айга 1722 сом өлчөмүндө төмөнкүлөр үчүн:

- Кыргыз Республикасынын жарандары;
- Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден келген, Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөн жана мыйзамдуу негизде эмгек ишмердигин жүргүзүп жаткан эмгекчилердин үй-бүлө мүчөлөрү;
- качкындар;
- Кыргыз Республикасында башпаанек издегендер;
- кайрылмандар.

2) чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн 6 календардык айга колдонуу мөөнөтү менен 8196 сом өлчөмүндө жана 12 календардык айга колдонуу мөөнөтү менен 16391 сом өлчөмүндө.

3) Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк адамдар үчүн 12 календардык айга колдонуу мөөнөтү менен 16391 сом өлчөмүндө.

2. Ушул буйруктун 1-пунктунун 1, 2 жана 3-пунктчаларында аныкталган жарандардын категориялары үчүн ММК полисинин наркы ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык эсептеле тургандыгы белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык жардамды уюштуруу жана дары-дармек саясаты башкармалыгынын начальниги (Н.С. Ибраева), Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары - ММК фонду), ММК фонду менен келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери ушул буйрукка тиркелген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 20-сентябрындагы № 491 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомун эске алышсын жана кыйшаюусуз аткарышсын.

4. ММК фондунун төрагасы (А.К. Муканов):

4.1. Кыргыз Республикасында камсыздандырылбаган жарандарды ММК системасы менен камтуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү камсыз кылсын;

4.2. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин арасында 2023-жылга ММК полисинин наркы жана медициналык кызмат алууда ММК боюнча камсыздандырылган жарандардын укуктары жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү камсыз кылсын;

4.3. ММК полисин сатуудан ММК фондунун борбордук аппаратынын аккумуляциялык эсебине каражаттардын келип түшүүсүн эсепке алууну камсыз кылсын;

4.4. камсыздандырылбаган кош бойлуу аялдарга ММК статусун ыйгаруу менен ММК полисинин акысыз берилишин камсыз кылсын.

5. ММК фонду менен келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери:

5.1. чет өлкөлүк студенттерди каттоого алууну, аларга көрсөтүлгөн медициналык кызматтарды эсепке алууну жана каттоону камсыз кылышсын;

5.2. ММК фондуна отчеттук маалыматтарды андан ары берүү үчүн сатылган жана берилген ММК полистери боюнча маалыматтарды өз убагында жана так киргизүү боюнча баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде жооптуу адамды аныкташсын;

5.3. кош бойлуулугу боюнча каттоого турган кош бойлуу аялдарга клиникалык диагнозуна карабастан ММК боюнча камсыздандырылган адам катары жеңилдетилген шарттарда стационардык деңгээлде медициналык жардам көрсөтүүнү камсыз кылышсын.

5.4. Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден келген, Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөн жана мыйзамдуу негизде эмгек ишмердигин жүргүзгөн эмгекчилердин үй-бүлө мүчөсү болуп саналган балдарга амбулаториялык жана стационардык деңгээлде медициналык жардам көрсөтүүнү камсыз кылышсын.

6. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 24-апрелиндеги № 61 «Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 29-мартындагы № 72 «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2022-жылдын 26-февралындагы № 235 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө» буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2015-жылдын 30-апрелиндеги № 219 жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2015-жылдын 30-апрелиндеги № 101 «Кош бойлуулугу боюнча каттоого турган аялдарга милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин берүү жөнүндө» буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 5-сентябрындагы № 1076 «ММК полисинин наркы жөнүндө» буйругу.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

---

**О реализации постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о полисе обязательного медицинского страхования» от 20 сентября 2023 года № 491**

В целях обеспечения эффективной реализации постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о полисе обязательного медицинского страхования» от 20 сентября 2023 года № 491, в соответствии со статьей 3, 96 и 98 Договора о Евразийском экономическом союзе от 29.05.2014 года **приказываю**:

1. Утвердить стоимость полиса обязательного медицинского страхования (далее – Полис ОМС) на 2023 год:

1) со сроком действия на 12 календарных месяцев в размере 1722 сомов для:

- граждан Кыргызской Республики;
- членов семей, трудящихся из государств-членов Евразийского экономического союза, находящихся и осуществляющих трудовую деятельность на территории Кыргызской Республики на законном основании;
- беженцев;
- лиц, ищущих убежище в Кыргызской Республике;
- кайрылманов.

2) со сроком действия на 6 календарных месяцев в размере 8196 сомов и 12 календарных месяцев в размере 16391 сом для иностранных граждан и лиц без гражданства.

3) со сроком действия на 12 календарных месяцев в размере 16391 сом для иностранных лиц, обучающихся в образовательных организациях Кыргызской Республики.

2. Установить, что стоимость Полиса ОМС для категорий граждан, определенных подпунктом 1, 2 и 3 пункта 1 настоящего приказа рассчитывается согласно приложению 1 к настоящему приказу.

3. Начальнику Управления организации медицинской помощи и лекарственной политики Министерства здравоохранения Кыргызской Республики (Н.С. Ибраева), Фонд ОМС, руководителям организаций здравоохранения, работающих по договорам с Фондом обязательного медицинского страхования (далее – Фонд ОМС) принять к сведению и неукоснительному исполнению постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о полисе обязательного медицинского страхования» от 20 сентября 2023 года № 491 прилагаемого к настоящему приказу.

4. Председателю Фонда ОМС (А.К. Муканов):

4.1. обеспечить проведение мероприятий по охвату незастрахованных граждан в Кыргызской Республике системой ОМС;

4.2. обеспечить проведение информационно-разъяснительной работы среди граждан в Кыргызской Республике, работников системы здравоохранения о стоимости Полиса ОМС на 2023 год и о правах застрахованных по ОМС граждан при получении медицинских услуг;

4.3. обеспечить учет поступления средств от реализации Полисов ОМС на аккумуляционный счет центрального аппарата Фонда ОМС;

4.4. обеспечить бесплатную выдачу Полиса ОМС незастрахованным беременным женщинам с присвоением статуса ОМС.

5. Руководителям организаций здравоохранения, работающих по договорам с Фондом ОМС:

5.1 обеспечить приписку иностранных студентов, учет и регистрацию медицинских услуг;

5.2. определить ответственного лица на уровне первичной-медико-санитарной помощью по своевременному и достоверному вводу данных по реализуемым и выданным Полисам ОМС для дальнейшего предоставления отчетных данных в Фонд ОМС;

5.3. обеспечить предоставление медицинской помощи на стационарном уровне беременным женщинам, вставшим на учет по поводу беременности, на льготных условиях как застрахованным лицам по ОМС независимо от клинического диагноза.

5.4. обеспечить предоставление медицинской помощи на амбулаторном и стационарном уровнях детям, являющимися членами семей трудящихся из государств-членов Евразийского экономического союза, законно находящихся и на законном основании осуществляющих трудовую деятельность на территории Кыргызской Республики

6. Признать утратившими силу:

- приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики от 24.04.2023 года № 61 О реализации Закона Кыргызской Республики о внесении изменений Закону КР «О медицинском страховании граждан в Кыргызской Республике» от 29 марта 2023 года № 72;

- приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики «О стоимости Полиса обязательного медицинского страхования» от 26.02.2022 года № 235;

- приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики от 30.04.2015 года № 219 и Фонда обязательного медицинского страхования № 101 «О выдаче Полиса обязательного медицинского страхования женщинам, вставшим на учет по поводу беременности»;

- приказ Министерства здравоохранения Кыргызской Республики «О стоимости Полиса ОМС» от 05.09.2023 г. № 1076.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министр** **А.С. Бейшеналиев**

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
2023-жылдын «___» __________ №_____
«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 20-сентябрындагы № 491 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомун ишке ашыруу тууралуу буйругуна

**Ушул буйруктун 1-пунктунун 1, 2 жана 3-пунктчаларында аныкталган жарандардын категориялары үчүн 2023-жылга ММК полисинин наркын эсептөө**

| **Адамдардын/ жарандардын категориясы** | **Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары ММК полисинин наркын эсептөө үчүн негиз болуп саналат** | **ММК фондуна чегерүүнүн 2%дык чени** | **ММК полисинин колдонуу мөөнөтү (календардык ай)** | **ММК полисинин наркы бардыгы (сом менен)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. Кыргыз Республикасынын жарандары;<br>2. Евразия экономикалык биргилине мүчө мамлекеттерден келген, Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөн жана мыйзамдуу негизде эмгек ишмердигин жүргүзүп жаткан эмгекчилердин үй-бүлө мүчөлөрү | Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн жашоо минимуму 7178,32 сомду түзөт | 143.5 сом | 12 | 1722 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. Чет элдик жарандар;<br>2. Кыргыз Республикасында эмгек ишмердигин жүргүзүү максатында эмес жүргөн Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү;<br>3. Жарандыгы жок адамдар<br>4. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк адамдар. | Орточо айлык эмгек акы - чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн 68296 сом | 1365,92 сом | 12 | 16391 |
| | | | 6 | 8196 |

Приложение 1
к приказу Министерства здравоохранения
Кыргызской Республики О реализации
постановления Кабинета Министров Кыргызской
Республики «Об утверждении Положения о полисе
обязательного медицинского страхования»
от 20 сентября 2023 года № 491
от «___» __________ 2023 г. № _____

**Расчет стоимости Полиса ОМС на 2023 год**
**для категорий граждан, определенных подпунктом 1, 2 и 3**
**пункта 1 настоящего приказа**

| **Категория лиц/граждан** | **Сведения Национального статистического комитета Кыргызской Республики являющиеся основой для расчета стоимости Полиса ОМС** | **2%-ая ставка отчисления в Фонд ОМС** | **Срок действия Полиса ОМС (в календар-ных месяцах)** | **Итого стоимость Полиса ОМС (в сомах)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. Граждане Кыргызской Республики;<br>2. Члены семей трудящихся из государств-членов Евразийского экономического союза, законно находящихся и на законном основании осуществляющих трудовую деятельность на территории Кыргызской Республики. | Прожиточный минимум для граждан Кыргызской Республики 7178,32 сом | 143.5 сом | 12 | 1722 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. Иностранные граждане;<br>2. Граждане государств - членов Евразийского экономического союза и члены их семей, пребывающих в Кыргызской Республике не с целью осуществления трудовой деятельности;<br>3. Лица без гражданства;<br>4 Иностранные лица, обучающихся в образовательных организациях Кыргызской Республики. | Среднемесячная заработная плата – для иностранных граждан и лиц без гражданства 68296 сом | 1365,92 сом | 12 | 16391 |
| | | | 6 | 8196 |